Кабыл алынды:

№ 4 пед. кеңешме

“28“ 03 2018-жыл

Бекитилди

Мектеп директору

Оторбаева Г.М.

**1.Жалпы жүрүм-турум эрежелери жөүндө жобо**

1.1.Окуучулар мектепке сабак башталганга чейин 10 мүнөт мурун келишет.Эркек балдар жана кыздар бирдиктүү жалпы мектеп формасын кийишет.Ал эми дене тарбия сабагына атайын спорттук кийимдерди кийишет.

1.2.Окуучулар мектептин мүлкүно жана жеке окуу куралдарына этияттык мамиле кылышат.

1.3.Мектепте жана мектептин территориясына окуучулардын спирт ичимдиктерди,наркотикалык заттарды,курал жарактарды,жарылуучу нерселерди ж.б.уулу заттарды алып келүүгө тыюу салынат.

1.4.Окуучуларга педагогдордун уруксатсыз мектептен жана анын аймагынан сабак учурунда кетүүго болбойт.Сабакты өткөрүп жиберген учурда окуучу класс жетекчиден маалым кат же сабактарда жок болгондугунун себеби жөнүндө ата-энесинен маалым кат алып келиши керек.Жүйөөлү себептерсиз сабактарды өткөрүүгө уруксаат берилбейт.

1.5.Мектеп окуучулары улууларды сыйлашат,кенже балдарды сыйлашат.

1.6.Мектептен тышкары,оккучулар бардык жерде мектептир аброюн түшүрбөөсү зарыл.

**II.Сабактагы жүрүм-турум**

2.1.Мугалим класска киргенде окуучулар учурашат жана педагог учурашууга жооп берип,отурганга уруксаат бергенден кийин отурушат.

2.2.Сабак учурунда башкаларды алаксытып,сабактан тышкаркы сүйлөгөнгө,кыйкырганга,мугалимдин уруксаатысыз чыгып кетүүгө тыюу салынат.

2.3.Эгерде сабактарга окуучу класстан сыртка чыгуусу зарыл болсо,анда ал мугалимдин уруксаатын алууга тийиш.

2.4.Эгерде окуучу мугалимдин суроосуна жооп бергиси келсе колун көтөрөт.

2.5.Конгуроо берилип,танапис болгон учурда гана окуучу сыртка чыгуусу мумкүн.

**III.Окуучулардын сабакка чейин,тыныгууларда жана окууну аяктагандан кийинки жүрүм-турумдары**

3.1.Танапис учурунда окуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Өз ордунда тазалыкты жана тартипти сактоого;
- Класстан чыгып эс алууга ;
- Мектеп боюнча нөөмөтчүлөрдүн,мектеп кызматкерлеринин талаптарына баш ийүүгө;

**Окуучуларга тыюу салынат:**

- Оюндар үчун ылайыкталган эмес жерлерде ойноого;
- Бири-бирин түртүп,буюмдарды ыргытуу жана күч колдонуу;

**3.2.Класс боюнча дежур окуучу:**

- Танапис учурунда класста болот;
- Класста тартипти камсыз кылат;
- Кийинки сабакка классты даярдоого мугалимге жардам берет;

**3.3.Ашканадагы окуучулардын жүрүм-турум эрежелери:**

- Мугалимдин жана ашкананын кызматкерлеринин талаптарына баш ийишет;
- Тамак учурунда тийиштүү тартипти сактайт;
- Ысык жана суюк тамак алууда пайдаланууда көңүл жана этият болууга жардам берет;

**IV.Корутунду**

4.1.Окуучулар мектептин аймагында болгон учурда жана мектеп иш-чараларын өткөрүүдө өзүнө жана айланасындагыларга өмүрүнө жана ден-соолугуна коркунуч келтирген иш-аракеттерди жасоого укугу жок.

4.2.Бул эрежелер мектептин территориясына жана мектеп тарабынан өткөрүлгөн бардык иш-чараларга жайылтылат.

4.3.Ушул эрежелерди жана мектеп уставын бузгандыгы үчүн окуучулар жоопкерчиликке тартылат.